**САКИЕВА С.С. , МАМАТУМАРОВ А.Т.,**
*ЖАМУ*

# БАШТАЛГЫЧ МЕКТЕПТЕ ОРФОГРАФИЯГА ҮЙРӨТҮҮГӨ АРНАЛГАН ЭМГЕКТЕРДИН ТАБИЯТЫ

Башталгыч мектепте кыргыз тилин окутууга арналган бир канча эмгектердин жаралышы, алардын мектеп тажрыйбасына сунушталышы дайыма актуалдуу маселе катары каралып келет. Кенже мектеп жашындагы балдарга кыргыз тилинин орфографиясын үйрөтүүгө арналган эмгектердин жаралышы аз. же жок экендиги баарыбызга маалым. “Башталгыч класстарда кыргыз тилин окутуунун методикасынын” 1965, 1978-жылдардагы басылган фундаменталдык эмгекте орфография жөнүндө маалымат теориялык жагынан сунушталганы болбосо, өзүнчө изилденген эмгек, же методикалык иштелмелер жокко эсе экендиги белгилүү. Орофографияны үйрөтүүгө арналган эмгектердин арасынан профессор Каратай Сартбаевдин эмгегин белгилөөгө болот. Башталгыч мектептеги орфографияны үйрөтүүгө арналган эмгек 2 бөлүктөн турат. Биринчи бөлүгү кыргыз башталгыч класстарында орфографияны окутуунун тарыхы иликтенип, бул илимге чыйыр салуучулар жөнүндө маалымат берилген. 2-бөлүгү башталгыч мектепте сөз түркүмдөрүнүн орфографиясын үйрөтүүгө карата методикалык жумуштар сунушталган. Биздин макалабыз 2-бөлүктүн мазмуну, анын изилденишинин теориялык жана практикалык бөлүгүн анализдөөгө арналат (К.Сартбаев. Башталгыч класстарда кыргыз тилинин орфографиясын окутуу. 2-китеп.– Ф., 1985).

Эмгек башталгыч класстагы орфографияга арналган алгачкы эмгек болгондугуна байланыштуу, мугалим үчүн да, изденүүчү үчүн да баалуу жана маанилүү экендиги маалым. Кыргыз тилин окутуунун методикасында башка окуу материалдарын үйрөткөнгө караганда, орфографияны үйрөтүү татаал экендигин анык. Эмгектин методикалык иштелмесинде автор орфографиялык сабаттуулукту арттыруу деген термин аркылуу изденүүчү теманын мазмунун ачууга аракет жасаган. Эмгек эӊ алгач зат атоочту окутууга байланыштуу окуучулардын сөзүн жана орфографиялык сабаттуулугун арттыруунун шарттары, аны үйрөтүүнүн жолунан башталган. Автордун: “Эне тилибиздеги сөздөрдүн ичинен заттардын атын билдирген сөздөр абдан кеӊири жана бай. Ошондуктан ал окуучулардын оозеки жана жазуу речтеринде активдүү колдонулат” деген сөзү менен башталат. Демек, зат атоочтун лексика-семантикалык мааниси кеӊ, ар түрдүү грамматикалык бөтөнчөлүктөргө ээ болгон өзүнчө ири грамматикалык категориянын бирине жатат. Ал эми башталгыч класстарда зат атоочту окутууга арналган эмгек педагогика илимдеринин кандидаты Бурул Рысбековага таандык. Б.Рысбекованын эмгеги зат атоочту окутуунун жалпы маселелерине арналган. К.Сартбаевдин эмгеги сөз түркүмдөрүн окутууда орфографиялык сабаттуулукту арналгандыгын айырмалообуз абзел.

Зат атоочту окутуудагы окуучунун сөз байлыгын жана орфографиялык сабаттулугун арттыруунун жолдору заттардын аттарын билдирген сөздөргө ким?,эмне?, кимдер?, эмнелер? деген суроолордун берилишин так үйрөтүү үчүн адегенде ким?, кимдер? деген суроолорго ылайык адамдардын жана адамдардын ар түрдүү кесиптеги иштеген ишин баяндаган (мугалим, врач, тигүүчү, учкуч) сүрөттөрүн топтоп көрсөтүп, андан кийин эмне?, змнелер? деген суроолорго жооп берүүчү заттардын (канаттуулардын, өсүмдүктөрдүн, жашылчалардын, эгиндердин, гүлдөрдүн, үй буюмдардын, айбандардын) сүрөттөрүн топтоп, белгилүү система менен үйрөтүү сунушталган. Заттардын аттарын билдирген сөздөрдү үйрөтүү жана орфографиялык жактан катасыз жазылышына жетишүү максатында ал сөздөрдү классификациялоо менен үйрөтүүнүн ыкмалары иштелген. Демек, сабакта сөздөрдүн айтылышын жана угулушун жазууну үйрөнүү менен бала аларды орфографиялык катасыз жазууга көнүктүрүү башкы маселе катары каралган. Мындай жумуштар “биринчи, экинчи класстарда сөздүк жумуштарын жүргүзүү

максатында заттардын аттарын билдирген сөздөрдү классификациялоо ыңгайлуу” (К.С.Рождественский) , ал эми “ар бир сөз топторун үйрөтүүдөн мурда, сөз топторуна кирген заттар жөнүндө окуучуларга мугалим класста аңгеме жүргүзүүгө тийиш” (К.Д.Ушинский) экендиги баса белгиленген.

Ал эми заттардын аттарын билдирген сөздөрдү үйрөтүүдө жеке зат конкреттүү белгилүү бир түшүнүктү билдирсе, заттардын топторунун атын билдирген сөздөр абстрактуураак келгендиги, ошондуктан заттардын тобунун аттарын үйрөтүү үчүн адегенде жекеден жалпыга, андан соң жалпыдан жекеге карата үйрөтүү ыкмалары сунушталган. Заттардын аттарын үйрөтүүнүн түрдүү жолдору сунушталган. Мисалы, заттардын аттарынын жекелик жана көптүк санда айтылышы, уңгу сөздүн аягындагы үндүү, жумшак жана каткалаң үнсүздөргө карата көптүк санды көрсөтүүчү сөздөрдү, уңгу сөздүн аягы үндүү менен бүткөндө лар (алмалар, энелер, тоолор, өлкөлөр), жумшак үнсүздөр менен бүткөндө дар (жарадар, келгиндер, жолдор, чөлдөр), каткалан үнсүздөр менен бүткөндө тар (жыгачтар, китептер, счеттор, көчөттөр) болуп уланышы жана алардын туура жазылышын үйрөтүүгө өзгөчө маани берүү, мында окуучулар уңгу сөзгө көптүк сөздү билдирүүчү мүчөлөрдү жалгаганда ката кетирери эскертилип, аларды комментариялап жазуу, алардын жазылышын түщүндүрүү, көнүгүүлөрдү оозеки жана жазуу жүзүндө аткаруу, машыгуучу көнүгүүлөрдү, жат жазуу жумуштарын жүргүзүү сунуштары көрсөтүлгөн. Бул боюнча Бишкек шаарынын №1, №5-орто мектептериндеги педагогикалык байкоолордун, алдынкы тажрыйбалардын жыйынтыгы берилген. Автордун оюу боюнча заттардын аттарын билдирген сөздөрдү үйрөтүү кыргыз тилин окутуу аркылуу гана үйрөтүлбөстөн, окуу сабагында өтүлүүчү ангемелерге, ырларга, жомокторго айкалыштыруу жакшы жыйынтыкка алып келери белгиленген.

Дидактикада зат атоочту окутууда жалпы жана энчилүү зат атоочтордогу орфографиялык жумуштарга башкы орун берилет. Башталгыч мектепте баш тамга деген түшүнүк аркылуу калыптанат. Энчилүү аттарды туура жазуга үйрөтүүдө бул зат атоочтор сүйлөмдүн башында, ортосунда, аягында да баш тамга менен жазылары каралган. Энчилүү зат атооч сөздөрдүн эки-үч сөздөн турса (Жалал-Абад, Чоң-Сары-Ой, Көк-Жар) ортосуна дефис коюлуп жазылып, ката кетирбөө үчүн жалпы жана энчилүү зат атоочту окутууда аларды бири-бирине салыштырып, орфографиялык жактан жазылышына айрыкча көңүл бурууну талап кылары көрсөтүлгөн. Ал эми аларды салыштыруу жолу менен үйрөтүү сунушу каралган. Мисалы, жалпы зат атооч (китеп, гүл, көгүчкөн, кумурска, жылкы,буудай, койчу, аюу, арча, радио) ал эми энчиленип айтылган жердин, суунун, шаардын, газетанын, журналдын, китептин, мекеменин аттары ар дайым баш тамга менен жазылып, энчилүү зат атоочтор бир гана аттын өзүнө тиешелүү болгон окшоштуктарын салыштырып окутууну сунуштаган. Демек, бул методикалык сунуштар баланын орфографиялык сабаттуулугун калыптандырууда бир топ жумуш аткаргандыгын белгилөөгө болот.

Зат атоочтун курандыларын окутууда (чы, стан, кең, кеч, кана, кер) да орфографиялык эрежелерди туура сактоодо курандылар жалганып, жаңы маанидеги зат атооч сөздөрдү жасагандыгын салыштырып үйрөтүү, машыгуу жумуштары көнүгүүлөрдү аткарууда, карточкалар менен иштөөдө пайдалануу аркылуу ишке ашыруунун жолдору сунущталган. Мисалы, стан деген куранды мүчөнү сөзгө жалгоо менен китепкана, аткана, ашкана, уйкана деген сөздөрдү табуу менен алардын жазуу өзгөчөлүктөрүн айырмалоо салыштырылган. Ушундай сунуштар зат атоочтун жөндөмөлөрүн окутууда да каралган. Зат атооч сөздөрдүн жөндөлүш өзгөчөлүгүн жана алардын жазылышын үйцрөтүүдө бул көрсөтүлгөн машыгуу жумуштарынан башка да ырлардан, макалдардан, табышмактардан белгилүү жөндөмөдөгү сөздөрдү айтыруу, жазылышына көңүл буруунун иштелмелери эмгекте кездешет. Буга үлгү катарында Токтогул Сатылгановдун төмөнкү ыры сунушталган.

Аялдын көркү музда бар,
Алгырдын көркү кушта бар.

Тамактын көркү тузда бар,
Саамайдын көркү музда бар.

Жогорудагы эле көрсөтүлгөн ырлардан жердин, суунун, чөптүн, айбандардын, канаттуулардын, курал-жарактардын аттарынын көпчүлүгү гана илик жөндөмөсүндө тургандыгын учуратсак, **"Дүнүйө", "Карылык**" деген ырларынан табыш жөндөмөсүндөгү зат атоочторду көп кезиктирүүгө болоорун, алар талдоого ыңгайлуу экендиги чечмеленген.

Ак саманды жаман деп,
Чөптү кайдан табасың?
Аз дүйнөнү жаман деп,
Көптү кайдан табасын?

"**Өсүмдүк жарыкка умтулат, эл тынчтыкка кол сунат", "Карагайды көрүп тал өсөт, аганы көрүп ини өсөт", "Жаздыктан өлгөн жаман ат, жоодон өлгөн салтанат"** деген сыяктуу макалдар барыш, табыш, чыгыш жөндөмөлөрүндө колдонулуп, аларга сүйлөм түздүрүү аркылуу жөндөмө мүчөлөрдүн колдонушуна, жазылышына окуучуларды үйрөтүү маанилүү экендиги белгиленген. Эне тилибиздеги зат атооч сөздөрдүн жөндөлүшү оозеки жана кепте абдан активдүү колдонулгандыктан, аларды колдоно билүүгө системалуу үйрөтүүнүн, туура жазууга назар салуунун мааниси чоң. Демек, окумуштуунун зат атоочтун жөндөмөлөрүн окутууда окуу китебиндеги ырларды пайдалануу менен үйрөтүү сунуштары – бул кыргыз башталгыч класстарындагы алгачкы саамалык болуп эсептелет. Ал эми бул ыкманы пайдалануу аркылуу мугалим кыргыз тили предмети менен адабий окуу сабагын интеграциялап окутуунун жолдорун пайдалана алгандыгында. Мындай ыкмаларды пайдалануу, аларды өркүндөтүү – бул биздин милдетибиз экендигин белгилеп кетүүгө болот.

Зат атоочту окутууда аягы -ск, -кт, -фть, -нд, -нг,-нк менен бүткөн зат атоочтордун жөндөлүшүн үйрөтүү татааал. Эмгекте автор тарабынан бул темалар терең анализденип, практикага сунушталган. Аягы -ск, -кт, -фть,-нд, -нт, -нк менен бүткөн зат атооч сөздөр жана кээ бир шаарлардын, адамдардын аттары кирет. Аягы катар үнсүздөр менен бүткөн зат атооч сөздөргө (-ск, -кт, -фть,-нд, -нт, -нк) жөндөмө мүчөлөр уланганда уңгу менен жөндөмө мүчөнүн ортосунда бир үндүү тыбыш кошулуп айтылат. Өзгөчө сөздүн аягы -ск менен бүткөн Омск, Томск жалгаганда белгилүү гана бир үндүүнү кошуп жазбастан, "й" тыбышын да артыкбаш жазып оркойгон орфографиялык каталарды кетирип коеру белгиленген (Омский, Томский). Мындай каталарды кетирбөө, эскертүүдө жат жазуу жумуштарын көбүрөөк жүргүзүү каралган. Ал эми айтылган, сунушталган пикирлер педагогикалык байкоодон өткөрүлгөн, тастыкталган. Демек, бул жумуштар учурда окутуу системасында актуалдуу проблема бойдон калууда. Жалпысынан мугалимдин көңүл буруучу маселелердин бири ушул экендигин белгилөөгө болот.

Орфографияны үйрөтүүдө сын атооч сөз түркүмүнүн окутуунун өзгөчө мааниси, орду бар экендигине эмгекте басым жасалган. Ар бир заттын маанисин так түшүндүрүү жана өзгөчөлөнгөн белгисин туура ажыратуу – окуучулардын заттардын аттары менен белгисин туура ажыратуу – окуучулардын заттардын аттары менен белгисин көрсөтүүчү сөздөрдү жакшы өздөштүрүүгө жол ачат. Заттардын белгисин көрсөткөн сөздөрдү үйрөтүүдө заттарды өңү-түсүнө, даамына, сапатына, жытына, формасына карай ажыраттыруу, заттын белгисин көрсөткөн сөздөр заттын атын билдирген сөздөр менен ажырагыс байланышта экендигин түшүндүрүп окутуу маанилүү экендиги практикага сунушталган. Учурдагы окуу китептеринде, окуу-методикалык колдонмолордо бул ыкмалар колдонулууда. Демек, кыргыз башталгыч мектептеринде мындай жумуштар Каратай Сартбаев тарабынан иштелгендигин белгилеп коюубуз зарыл.

Сын атооч сөздөрдү окутууда анын антонимдери, синонимдери, омонимдерин салыштырып окутуу маанилүү деген ураан астында аткарылган. Айрыкча сын атоочтун антонимдерин окутуунун материалдары мугалим үчүн маанилүү жана баалуу экендигин

белгилеп кетүүбүз абзел. Автор сын атоочтун антонимдеринин төмөнкү формаларын сунуштаган:

1.Заттардын өңү-түсүн көрсөткөн антоним сөздөр:

**Ак – кара**

**Кызыл – кызыл эмес**

2.Заттардын даамын көрсөткөн антонимдер.

**Ачуу – таттуу. Туздуу – тузу жок.**

**Туздуу – тузсуз. Таттуу – кычкыл.**

3.Заттардын жытын билдирген антонимдер.

**Жыттуу – жытсыз**

**Жыттуу – сасык**

4.Заттардын формасын көрсөткөн антонимдер.

**Чоң – кичине. Узун – кыска.**

**Тоголок – жалпак. Жоон – ичке.**

5.Заттардын сын-сыпатын, сапатын көрсөткөн антонимдер.

**Жакшы – жаман. Терең – тайыз.**

**Катуу – жкмшак. Курч –мокок.**

Окуучуларга жеткиликтүү болсун үчүн бир эле заттын белгисин өз ара салыштырып көрсөтүү – бул окуучунун сөзүн өстүрсө, ал эми машыгуучу көнүгүүлөр аркылуу окуучунун орфографиялык сабаттуулугу артат деп айтууга болот. Ал эми сын атоочту окутууга карата эмгекте жогорудагылардан сырткары сын атоочтун суроосун коюу аркылуу аларды салыштырып окутуу, же зат тизмегин түзүү манилүү экендиги иштелген. Алар төмөнкү мисалдар аркылуу берилген.

| Суроого байланыштуу сөз тизмегин түзүү | Сөз тизмектери |
|---|---|
| Кандай жоолук? | Кызыл жоолук (өңү-түсү) |
| Кандай окуучу? | Жакшы окуучу (сапаты) |
| Кандай ой-пикир? | Сонун ой-пикир (сапаты) |
| Кандай атыр? | Жыттуу атыр (жыты) |
| Кандай алма? | Таттуу алма (даамы) |

Демек, мындай салыштыруулар аркылуу окуучунун сөздөрдү туура, так айтуу менен аларды орфографиялык жактан туура, катасыз жазууга көндүрүү, окуучу жазуу маданиятын калыптандырууга басым жасагандыгы байкалат.

Сын атоочту окутууда сүйлөм түзүүнүн бир нече түрлөрү бар. Алар эмгекте эске алынган. Аларга: заттардын белгилерин санап сүйлөм түзүү, суроолор боюнча сүйлөм түзүү, сүйлөмдөрдү жайылтуу, формасы бузулган сүйлөмдөрдү кайрадан калыбына келтирүү, көп чекиттин ордуна сын атооч сөздөрдү коюп сүйлөм түзүү ж.б. Бул сүйлөмдүн түрлөрүн сын атоочту окутууда пайдалануунун практикалык бөлүгү окумуштуу тарабынан иштелген.

Сын атооч сөздөрдү окутууда орфографиялык каталарды классификациялоо менен аларды жоюунун жолдорунун системасы иштелген.

1.Окуучулар кээ бир учурларда уңгу менен мүчөнүн ортосундагы эки окшош үнсүздүн бирөөнү түшүрүп (кайраттуу, кубаттуу), же мүчөдөгү созулма үндүүнүн бирөөнү туура угуп ажырата албагандыктан калтырып жазышып, орфографиялык каталарды кетиришет. Бул каталарды кетирбөө үчүн сөздүн составына грамматикалык талдоо жүргүзүү, созулма үндүү келген мүчөнү туура айтуу жана так угуп кабыл алып, туура жазууга үйрөтүүгө башкы көңүлдү коюу жумуштары иштелген.

2.Уңгу менен мүчөдө созулма үндүүлөрү бар сын атооч сөздөрдүн биринчи муунун созуп, экинчи муунун кыска айткандан мүчөдөгү бир үндүүнү түшүрүп жазып койгон фактылар окуучулардын жазуу жумуштарынан кезигет. Мисалы, даамду, жоопту, зээнду,

каарду ж.б. лар, луу мүчөсү уңгу сөзгө уланганда катасыз жазууга окуучуларды үйрөтүүдө сөздү туура окуу, комментариялап жаздыруу көнүгүүлөрүн жүргүзүү зарыл экендиги көрсөтүлгөн. Сын атоочторду катыштырып сөз тизмектерин жана сүйлөмдөрдү түздүрүү, эки затты бири-бирине салыштырып жазуу, сүрөттөп жазуу көнүгүүлөрү алардын кепте туура колдонулушун жана жазылыш өзгөчөлүгүн мыкты өздөштүрүүгө жол ачат.

Сын атооч сөздөрдү байланыштуу кепте орфографиялык жактан туура жазууга, стилистикалык жактан сүйлөмдө өз орду менен колдонууга жетиштирүү үчүн көбүнчө эркин жана чыгармачылык жат жазууларды, белгилүү темаларда дил баян, баяндама жаздыруу абдан ыгайлуу экендиги көрсөтүлгөн. Эмгектин аягында орфографиялык каталарды кетирбөөдө окумуштуу “окуучулар тилдик материалдарды теория жүзүндө гана өздөштүрбөстөн, өздөрүнүн оозеки жана жазуу кебинде кылдат пайдаланууну үйрөтүү” – деп көрсөткөн. Ошондо гана окуучулар тилдик материалдарды сезимдүү жана жеткиликтүү өздөштүрүү менен орфографиялык сабаттуулугу жогорулайт.

Биз жогоруда белгилүү окумуштуу, профессор Каратай Сартбаевдин башталгыч мектепте кыргыз тилин окутууда кенже мектеп жашындагы окуучулардын орфографиялык сабаттуулугун жоюунун, аларды окутуунун, үйрөтүүнүн жолдоруна талдоо жүргүзүп, анын теориялык жана практикалык негиздерине арналган эмгеги жөнүндө кеп козгодук. Эмгекте жалпысынан окумуштуу баланын орфографиялык сабаттуулугун калыптандырууда төмөнкү методикалык жолдорун иштеген.

1.Эмгек негизинен зат, сын атоочторду окутуудагы орфографилык жумуштарга арналган.

2. Зат атоочту окутууда жалпы жана энчилүү, жөндөмөлөрүн, уңгу, мүчө, тыбыштардын айтылышын жана угулушун, орус тилинен кирген сөздөрдү окутуудагы орфографиялык каталар классификацияланган, аларды үйрөтүүнүн практикалык сунуштары берилген.

3. Сын атоочту окутууда сөздөрдү бири-бирине салыштырып үйрөтүү, анын куранды, уланды мүчөлөрүн, аларды антоним, синоним, омоним сөздөр менен салыштырып үйрөтүү, суроо жана сөз тизмектерин түзүү аркылуу, жазуу жумуштарын жүргүзүү менен үйрөтүү практикаланган.

Эмгектин басылганына 30 жылга жакын убакыт өтсө да кайрадан басылган жок. Демек, эмгектин кайрадан басылышы – мугалимдин жана окуучунун талабы экендигин белгилеп кетүүбүз абзел.

**Адабияттар**

1.Сартбаев К. Тандалган эмгектер. 8-том. – Б., 2013.– 143-222 б.б.

2.Сартбаев К., Акунова А., Мураталиева А. Башталгыч мектепте кыргыз тилин окутуунун методикасы. Б.,2013.– 256-303 б.б.